***ИСКУССТВО ТААНУУ***
***ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ***
***ART STUDIES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.85.61.041***

***Муратова А.М.***

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭЗИЯСЫ ИСКУССТВО ЖАНРЛАРЫНЫН ИНТЕГРАЦИЯСЫНДА

***Муратова А.М.***

# ПОЭЗИЯ АЛЫКУЛА ОСМОНОВА В ИНТЕГРАЦИИ ЖАНРОВ ИСКУССТВА

***A. Muratova***

# POETRY OF ALYKUL OSMONOV IN INTEGRATION GENRES OF ART

*УДК: 7.316:072:821:82-8 (575.2)(04)*

*Макалада Алыкул Осмоновдун поэзиясына кайрылып обон жараткан обончу-композиторлор акындын ырларына экинчи өмүр тартуулап, музыканын күчү аркылуу кайрадан угармандарга тартууланган поэзия кайрыктарын окутуу процессинде адабият, сүрөт искусствосу менен айкалышытырып, акындын ырларынын маани-мазмунун тереңдете жеткирүү менен сабак алып баруунун жолдору жана атайын аудио-видео ссылкалар менен берилди. Классик акыны А. Осмоновдун «Ата Журт», «Музыка», «Кыялдануу», «Саанчы жеңе», «Табият жана музыка», «Комуз», «Бешик ыры», «Сулууга», «Ак кайың», «Келсем жоксуң» – аттуу ырларынын обондоруна музыкалык мүнөзүнө, көркөм каражаттарына талдоо жүргүзүлүп, ноталык мисалдар жана бул ырлардын аудио-видео варианттарынын ссылкалары, композитор-обончулар, аткаруучулар жөнүндө кыскача маалыматтарды камтуу менен талдоолор берилди. Ошону менен катар адабият, музыка, сүрөт искусстволорун бири-бири менен интеграциялап, акындын ыр саптарын комуз күүлөрү, кыргыз жаратылышы менен байланыштырып таанытуу максатында да мисалдар камтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *музыка, искусство, обон, композитор, акын, интеграциялоо, аудио жазуу, видео жазуу, нота, адабият.*

*Композиторы-мелодисты Кыргызстана, создавая музыку к поэзии Алыкула Осмонова дают вторую жизнь стихотворениям поэта и вновь представляют их слушателям силой музыки. В статье анализируются мелодии композиторов-мелодистов, написанные на основе стихотворений поэта классика кыргызского народа А. Осмонова «Ата Журт», «Музыка», «Кыялдануу», «Саанчы жеңе», «Табият жана музыка», «Комуз», «Бешик ыры», «Сулууга», «Ак кайың», «Келсем жоксуң», в тоже время дается анализ выразительным средствам музыки, краткие сведения о композиторах-мелодистах, исполнителях. Также прикреплены нотные примеры и ссылки аудиовидео версий этих песен, и включены примеры с целью интеграции литературы, музыки и изобразительного искусства, чтобы раскрыть сущность стихотворений поэта с помощью напевов комуза и кыргызской природы.*

***Ключевые слова:*** *музыка, искусство, мелодия, композитор, поэт, интеграция, аудиозапись, видеозапись, заметки, литература.*

*Composers-melodists of Kyrgyzstan, creating music for the poetry of Alykul Osmonov, give a second life to the poet's poems and again present them to the audience by the power of music. The article analyzes the melodies of composers-melodists, written on the basis of the poems of the classic poet of the Kyrgyz people A.Osmonov «Ata Zhurt», «Music», «Kyyaldanuu», «Saanchy Zhenye», «Tabiyat Music», «Komuz», «Beshik yry», «Suluuga», «Ak kayyn», «Kelsem zhoksun», at the same time, an analysis is given to the expressive means of music, brief information about composers, melodists, and performers. Musical examples and links to audio-video versions of these songs are also attached, and examples are included with the aim of integrating literature, music and fine arts in order to reveal the essence of the poet's poem with the help of komuz melodies and Kyrgyz nature.*

***Key words:*** *music, literature, poet, art, melody, composer, audio recording, video recording, note, literature.*

**Киришүү.** Замандын агымы менен ар бирибиз музыканы жан дүйнөбүзгө канат кылып, күүгө салып, күнүгө музыка угабыз....Өзүбүзгө суроо салып көрөлүчү... Музыкасыз жашай алабызбы? Эмне үчүн жан дүйнөбүздү музыка менен азыктандырып туруубуз зарыл? Анан да ошол музыканын ыргагына жан дүйнөнү азыктандырган, жүрөк кылдарын термеген поэзия жардамчы болсо, кандай сезимдерге душаар болобуз?, демек, искусство жанрларынын интеграциясында классик акын А. Осмоновдун чыгрмаларына жазылган обондорду талдап, алардын музыкалык драматургиясын, музыкалык образын, көркөм каражаттарын талдоого аракет кылып көрөлү.

**Негизги бөлүк.** Кыргыз элинин залкар акыны Алыкул Осмоновдун поэзиясына жазылган, ар бир окурман жатка талашып айткан акындын ***«Музыка»*** – аттуу ырына жазылган обонго токтолуп өтөлү. Кыргыз Республикасынын Эл артисти Г. Садыбакасова жетектеген айтылуу «Кыз бурак» тобунун аткаруусунда ар бир угарман сүйүп уккан обон акындын ырына канат бүтүрүп тургансыйт. Обон жай темпте, бай көркөм музыкалык каражаттар менен байытылган [1].


Мына ушул эле акындын ***«Музыка»*** ырына обончу Абдыкулан Машаев да эң сонун обон жараткан. Обончу элге кеңири таанымал, жогорку сабаттуулуктагы көптөгөн обондордун автору. Анын музыкалык

маданиятка кошкон салымын өзүнчө бир иште ачып берүүнү ниет кылдым. А. Машаев агайдын балдарга арналган «Чабалекей обондорум», «Балдарга ыр десте», «Шаңдуу балдар ырлары» обондор жыйнактары жарык көргөн.


Кыргыз Республикасынын жана СССРдин эл артисти Асанкан Жумакматов обончунун «Музыка» ырын нота менен ырдап көрүп, ошол жерден эле оркестр үчүн иштеп чыгайын, бересиңби деп, он беш күндө оркестр үчүн иштеп чыгып, кыргыз эл артисти Дарика Жалгасынова биринчи ырдап чыккан. Ырдын пластинкасы Ташкент шаарында басылып чыгып, «Маяк» радиосу боюнча угармандарга байма-бай берилип турган. Ошол кезде Москва шаарында адабият институтунда окуп жүргөн Жолон Мамытов: «Абдыкулан, сенин «Музыка» – деген ырыңды радиодон угуп, оюм менен бир заматта Төлөйканга барып келдим. Обонуң эң оргиналдуу чыгыптыр» – деп кат жиберген [2].

Бул обон жалпы билим берүүчү мектептер үчүн жазылган 6-класстын Музыка окуу китебине да киргизилген. Авторлор мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо музыка мугалими сабак учурунда ырдын үстүндө иштөөгө сунуштарды беришкен. Музыканын көркөм каражаттарын колдонуу аркылуу (legato, staccato, cresc, dim, forte, piano, ритм, лад, интонация, дикция ж.б.) акындын сөзүн андан да байытып, эң жогорку деңгээлге өнүктүрө жеткирип, аспаптын коштоосунда, ошол эле учурда a capella ырдатса да болоруна методикалык сунуштарды беришкен [3].


Обон орточо темпте, кенен маанайда, төрттөн эки өлчөмдө, кенен диапозондо ырдалат. Соль минор тональностунда, кыйла татаал ритмикалык сүрөттөлүштө жазылган.




Чекиттүү нота, он алтылык нотадан квинталык (беш баскыч) секирик, диез белгисинин кезексиз колдонулушу, ноталардын лига менен байланышып ырдалышы обонду көркөм коосдоп турат. Мисалы:




Ырды аяктоо үчүн жазылган вокализдин да татаал ритмикалык ыргакта, лига менен биригип берилиши обондуу ар тараптан байытып, чыгарманын кульминациясына алып келет [4].




Бул обонду элибизге белгилүү ырчылары жакшы бир шөкөттөп (аранжировка), угармандарга тартууласа элге кеңири таралып ырдалып кетет беле деген ойдомун. Ошол эле учурда профессионалдык хор үчүн иштеп чыкса кыргыз хор маданиятынын репертуаарын да толукталып, акын менен обончунун эмгеги элдин калың катмарына жетет беле.....

Бул ырдан соң кыргыз элинин сыймыгы болгон кылдуу музыкалык аспабы – комузга арналып жазылган «Комуз» ырын талдайлы. Сегиз сап ырда акын кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, мүнөзүн терең ачып берген. Өзгөчө азыркы күндө чет элдик ырларга басым жасап, ата-тегин, уруусун, элинин тарыхын, маданиятын аңдап таанагысы келбеген жаштарга

улуттук баалуулуктун туу чокусунда турган комуздун бөлүктөрүн таанытып, тарыхынан кабар берген ыр саптары.

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Оп-оңой көргөн көзгө жөп-жөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.
Кылымдан-кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөп жөнөкөй. 7/XI - 1946. Чолпон-Ата [5, 167-б., 6, 6-б.].

Акындын бул ыры да жалпы билим берүүчү мектептердин 5-класстын «Музыка” окуу китебинде берилип, окуучулар жаттап, комуз аспабынын ар бир бөлүгүн көрсөтүп сүрөтүн тартуу тапшырмасы берилген, демек, акындын бул ыр саптары музыкалык билим жана тарбия берүү процессинде чоң роль ойнойт.

Билим берүү процессинде А. Осмоновдун чыгармаларынын мазмунун тереңдеп ачып берүүдө искусствонун жанрлары, б.а. музыка, сүрөт искусствосу жана адабият сабактарын интеграциялоо аркылуу да чоң роль ойнойт. Музыкага жараша адабий материал, поэзия, кара сөз жана аны сүрөт менен толуктоо. Демек, бир эле чыгарманы искусствонун үч багыты менен ачып берүү. Мисалы, А. Огомбаедин *«Ак тамак, көк тамак», Н.Абдрахмановдун* «*Улуу тоолор*», *А.Кыдырназаровдун* «*Кыргыз көчү*» күүлөрүнө А.Осмоновдун «Ата Журт» ырын жана ага кыргыз жергесинин жаратылышын чагылдырган сүрөт, видео тасма, ошол эле учурда окуучуларды, студенттерди өз чыгармачылыгы менен кыргыз жеринин кооздугун чагылдырган сүрөт тарттырсак болот.

А. Огомбаедин *«Ак тамак, көк тамак»* күүсүнүн сюжетинде ак чымчык менен көк чымчыктын жылуу жакка учуп кетүү айтышы берилет, бирок Ата-Журтту таштап кетүү кыйын болот.

«Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу, бороон уруп, кар уруп.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!» [5, 208-б.].

Ошондой эле Ы. Туманов *«Боз салкын»* күүсү жана А. Осмонов «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү менен Ысык-Көлдүн сүрөтүн колдонуу.

«Ысык-Көл кээде толкун, кээде тынч да,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Дүйнөдө канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун» [5, 339-б.].

Акындын «*Ата-Журт»* ыры кыргыз Респуб-ликасынын Эл артисти, обончу-ырчы Шамшыбек Өтөбаев жараткан обон менен музыкалык өнөрканага обончунун өзүнүн аткаруусунда кирген. Азыркы күндө ырды эң жакшы аранжировка менен элге жеткирген профессионал вокалдык топ «Музаман» тобу. Бул топ ырга бир нече жыл мурда кыргыз элинин көк мелжиген ак карлуу Ала-Тоосун, сур булут каптаган асманды, кыргыз көчүнүн жүрүшүн, жыл мезгилинин кышын, күзүн да, залкар манасчы Саякбай Каралаевдин добушу менен «Манас» эпосунан үзүндү, сөзүнүн автору А. Осмоновдун, обондун автору Ш. Өтөбаевдин элестери камтуу менен эң жогорку деңгээлде клип тартышкан. Бул клипти карап отуруп, кыргыз элинин сыймыгы, бермети, акын сүйгөн Ысык-Көл кирбей калганы кандайдыр бир өкүнүч жаратты.

Обон акындын оюн, Ата-Журтка болгон аяр мамилесин музыканын бай көркөм каражаттары менен, күчтүү сезимде, оор, салмактуу, өзгөрүлмөлүү 3/8, 4/2 4/3 өлчөмдөрүндө, бир жарым октава аралыкта, татаал ритмикалык сүрөттөлүштөр менен ля минор тональностунда жазылган.

Обондун эң кульминациялык учуру ырдын үчүнчү куплетин кайырма катарында колдонуп, кичи октаванын си нотасынан экинчи октаванын до нотасына, б.а. нона аралыгында кыска ноталык созулуштар менен, forte (катуу) динамикасында акындын оюн музыканын күчү менен жеткире берилген жери. Өзгөчө обончу акындын сөзүндөгү мазмун-маңызды татаал ритмикалык сүрөттөлүштөрдү, б.а. он алтылык, сегиздик, чейректик, жарымдык ноталарды көркөм куюлуштара, динамикалык белгилер байытып колдонуп ачып берген [7, 196-б.].

«Жазда башка ...Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт» – деген саптарына туура келип, акындык толгонууну музыкалык добуштар толуктап турат:

К. Жусупов «Ыр сабында өмүр» китебинде акын Ата-Журттун таттуу жытын кучактап, тарыхын билип, баласындай аяганын, Ата-Журтка ант бергенин мисал келтирген: «Өмүрүмө шерт бердим: башымды кесип алса да адамга жаман айтпаска, ушак, калп сүйлөбөскө, жамандык кылбаска, көз артпаска, аз көз, сараң болбоско. Эл үчүн жан аябаска, заманам үчүн ак болушка». Кыргыз эл жазуучусу К. Жусупов бул сөздөрдү бир гана Осмонов эмес, Ата-Журт алдында баарыбыздын шертибиз эмеспи деп белгилеген [8, 127-128-бб.].

Окурманым, акындын үнү, анты бүгүнкү күндүн көйгөйү менен кандай дал келип турат. Ар бирибиз акындай өзүбүзгө Ата-Журттун алдында ант берип, адал, ак жашап өтсөк жакшы болоор эле....Демек, акындын бул ыры жаш муундардын патриоттук сезимин ойготуп, акын сыяктуу эли-жерин сүйүүгө чакырык таштап тургандай [9].

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Абидин Темиров А. Осмоновдун «***Табият жана музыка***» ырына обон жараткан. А. Темиров обончу-аткаруучу, айтылуу обончу, ырдын пири Рыспай

Абдыкадыровдун окуучусу, аккордиондо чебер ойногон музыкант-аранжировщик. «Кайыр кош», «Ала-Тоом» ырларынын автору.

Аталган «*Табият жана музыка*» ырынын обону ми минор тональностунда, вальс темпинде, заманчы акындардын оюн улай акын А. Осмоновдун ыр саптарында берилген философиялык ой-жүгүртүүнү музыкалык тил менен байытып берилген.

«Өлүм – ак, пейли сараң, көңүлү тар,
Күчү жок, бирок бизди коркута алар.
Себеби биз өлгөндө орун басар,
Бизден соо, бизден жакшы, акылдуулар».

Обондо чоң секирик жок, примада, б.а. бир нотада обон башталып, эң чоң аралык терциялык жана кварталык секирик (скачок) берилген. Бул акындын табият менен музыканын айкалышын чагылдырган мазмунду толуктап тургандай [7, 277-б. 10].





Кыргыз ССР Эл артисти, дирижёр, композитор, педагог Насыр Давлесов А. Осмоновдун «***Саанчы жеңе***» – аттуу ырына обон жараткан. Профессионал композитордун чыгармачылыгында обон жаратуу да орчунду орунду ээлейт. Композитор акындын сөзүндө берилген ойноок мүнөздү андан ары байытып, мажордук ладда, кеңири диапозондо, кошумча “ой” деген секирик менен он алтылык нотада кыска муунду кошуп, 3/8 өлчөмүндө жагымдуу, тамашалуу обон жараткан. Өзгөчө обонго октавалык секириктеги бир нече жолу реприза менен берилген вокализ көрк кошуп турат [11].

Кыргыз ССРинин Эл артисти, дирижёр, композитор, педагог, эмгектин баатыры К. Молдобасанов А. Осмоновдун ***«Бешик ырына»*** обон жазган. Бул обон СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Эл артисти, «Манас» орденинин ээси, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, «Айчүрөк» операсында Айчүрөктүн образын 200гө жакын жолу сахнага алып чыккан, «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Кармен», «Отелло» операларында башка партияларды аткарган К. Сартбаеванын аткаруусунда «Алтын фондго» жаздырылган [4].

Профессионал композитор акындын ырында адабий көркөмдүктү музыканын көркөм каражаттарын бай колдонуп, бешик ырында берилген эне тилегин жай, созулуңку мүнөздө, ошол эле учурда татаал ритмикалык сүрөттөлүштөрдү, legato (байланыштуу) муундарды, арасында тыныгууларды колдонуу менен ми минор тональностунда, 4/4 өлчөмүндө, ылдыйкы баскычтан акырындык менен жогорку диапозонго mp-mf FF динамикалык белгилери менен кульминациялык чокуга чыгат:




Обон кульминациялык чокудан кайрадан төмөнкү диапозонго өтүп, узак созулуштагы ноталар, б.а. чейректик, жарымдык, бүтүн ноталар менен *ppp* (абдан акырын) динамикалык белгисинде, акырындык менен жайлап аяктайт.




Демек, обон менен поэзия бири-бирине айкалышып, эң сонун музыкалык чыгарма жаралган. Композитордун акындын алты сап менен түзүлүп, он төрт куплеттен турган ырынын үч куплетин өзүнүн обону үчүн тандап алган. Ушул жерден А. Осмонов акындык чеберчилик менен ырларында этнопедагогиканын сырларын да камтылганын белгилеп өтсөк болот. Бешик ырында эненин ой-тилеги камтылып, тарбиялык мааниси абдан чоң:

«Бир азда эми тамтаң-тумтаң басарсың,
Ата-эненин көңүлүн бир ачарсың, *же*
Өскүн, бөбөк,кызыл гүлдөй өсүп жет,
Жашсың, бөбөк, сенде бирок көп милдет» [7, 21-24-бб.].

Эненин ырдаган бешик ыры – бул наристенин *эне тилинен* биринчи сабагы. Бешик ыры аркылуу наристенин көркөм сөзгө жана музыкага болгон табити калыптанат. Бекеринен элибизден чыккан залкар акындарыбыздын энелери мыкты кошокчу, жамакчы болгон деп айтылбаса керек.

Орус педагогу В.А. Сухомлинский, «Жүрөгүмдү балдарга арнайм» – деген китебинде, «эненин бешик ырында берилген сезимдерди эч бир сөз менен айтып жеткирүү мүмкүн эмес» – деп жазган, ал эми болгариялык психотерапев П. Рандев: «бешик ырын угуу наристеге келечекте адамдар менен мамиле түзүүдө ак ниеттике, токтоолукка, адамкерчиликке жол ачат. Чоң адамдарга да бешик ырын угуу керек, ал адамга дары-дармектен да күчтүү таасир берет» – деп белгилеген. Мындан улам акындын сөзүнө жазылган улуу композитор К. Молдобасановдун обону бири-бирине төп келишип, чоң тарбиялык мазмунду камтып, жагымдуу психологиялык таасир берет деп ишеничтүү белгилеп өтсөк болот.

Мына ушул обонду азыркы заманбап санариптик музыкалык-компьютердик технологияларды колдонуп, эң жогорку көркөмдүктө аранжировкалап, аспаптык музыка кылып иштеп чыгып, музыкатерапия катары, ошол эле учурда кыргыз улуттук үйлөмө аспаптары – сыбызгы, чопо чоор, ышкырык чоорго да репертуар катары колдонсо болоор беле деген ой-тилек жаралат.

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, обончу, композитор К. Тагаев А. Осмоновдун «***Кыялдануу***» – аттуу ырына обон жаратткан. Ырды биринчилерден болуп Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, актриса, ырчы Сагыйпа Чечейбаева аткарган. Бул ыр менен катар аткаруучу-ырчы К. Тагаевдин «Жаныбарым Гулсарым», «Долон» – аттуу обондорун да жогорку чеберчиликте аткарып, алтын фондго жаздырылган.

Обон соль мажардо, жай темпте, 4/2 өлчөмдө, октавалык диапозондо, он алтылык, сегиздик, чейректик жана жарымдык ноталар менен секунда, терциялык, квинталык аралыктарда чоң секирик жок, кенен мүнөздө жазылган. Акындын сөзүндө берилген терең лирика обондун мүнөзү менен төп келишип, жигиттин тартынбастан сүйүүсүн билдирип, атын атап ырдаганын, ошол эле учурда селкинин уялчаак, сезимтал мүнөзүн, ашыктыктын кызыгын ачып берген романтикалуу чыгарма экени көрүнүп турат. Ырды С.Чечейбаева, жана эстрада ырчысы, Кыргыз Эл артисти Динара Акулованын аткарган [12].

Керимбаев Асанкалый Кыргыз Республикасынын Эл артисти. 100гө жакын обондун автору. Анын «Муңдашым мунар кайдасың», «Кусалык», «Гүлдөр гүлгө арзуу айтып ачылат», «Сулуулар», «Жүрөк сезет», «Ак булуттар», «Сендей мага», «Кусалык», «Таң шооласы» жана башка ондогон обондору Кыргыз радиосунун Алтын казынасына жазылып алынган [4].

Обончу акын А. Осмоновдун «***Сулууга***» – аттуу ырына обон жараткан. Обон мелүүн темпте, соль минордо (бемолдук лад), 4/4 өлчөмдө, эки октавага жакын диапозондо (терцдецима), узак созулуштагы ноталар, атап айтканда жарымдык, бүтүн ноталар менен катар, ушундай эле тыныгуулар (пауза), бемоль, бекарь, диез белгилери менен гармониялык минордо берилген.

Сулууга

Обону Асанкалый Керимбаевдики
Сөзү Алыкул Осмоновдуку




Акындын сөзүндөгү өкүнүчтүү толгонуу обон менен терең байытылган. Өзгөчө «жаш кездердей (ай), ынак сүйүү жок экен» – деген жери обонду кульминациялык эң бийик чыңалууга алып келет. Саптын башындагы *до* экинчи октавадан аралык секстальк бийиктиктикке чейин өсүп, кийинки «отуз жаштын улам ары жагында» – деген саптарда кайрадан септималык төмөн чегинүү менен берилген [7, 175-б.].

К. Жусупов «Ыр сабында өмүр» – деген акын А. Осмонов жөнүндө документалдык баяндаган китебинде ушул саптарга мындайча токтолгон. «А мүмкүн Алыкул жаңылгандыр, Гёте карыганда жетимиш төрт жашында он жети жаштагы Ульрикага ашык болуп, жаш кездегидей жалындуу ырларды жазганын эстеди бекен?!..».

К. Жусупов, акын Алыкулга ашык болгон кызды отуз жылдан кийин таап жолугуп, бирок ал кыз акынга болгон сүйүүсүн ардактап, баспестебеген «сүйүү деген жок экен» – деген жообуна нааразы болуп, Алыкулдун «сүйүүсүз турмуш көркү анча болбойт" – дегенин мисал келтирип «сүйүү жана мен» ырынан үзүндү жазганым бар [8, 72-б.].

Обонду талдоого алууда эмнегедир бир нече ирээт «Сүйүүгө» - деп жазып алып аттым... мүмкүн бул ыр «Сүйүүгө» - деген аталышта болсо кыздардын аткаруусунда да ырдын өмүрү узарып, дагы бир башка өңүттө уга алаар белек..., себеби, сүйүү – кыз-жигиттин, жаш-карынын да жүрөгүнө тынчтык бербеген улуу сезим, акындын армандуу сүйүүсү ар бир адамдын жашоосунун бир өзөгү, жүрөктө каткан сыры болсо керек [13].

Акын менен обончунун бул ырын эстрада ырчысы, Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген артисти Рыскелди Осмонкуловдун аткаруусунда да угармандарга тартууланып келет [14]. Аткаруучу ырга чоң кусалыкты камтыган, Ысык-Көлдүн жээгинде терең толгонууну чыгылдырган клип тарткан. Акындын сөзү, ага жаралган обон, аткаруу чеберчилик обондун драматургиясын терең ачып берип, бири-бирин толуктаган, баалуу музыкалык кенч жаралган.

Алыкулдун элесин жандандырып, «Алыкул» тасмасында башкы каарманды ойногон актёр Ч. Мамаев менен жаш эстрада ырчысы Умүтай Абдышева да бул ырды дуэт ырдап элге тартуулашкан [15].

«***Ак кайың***», аткаруучу жана обончу Жамийла Муратова. Обон *до* минордо, орточо темпте, 4/2 өлчөмдө, бир нече жеринде реприза (кайталоо) менен, негизинен он алтылык нотада жазылган. Обондун квинталык, секстальк, терциялык аралыктарда секирик (скачок) менен берилген ойноок мүнөзү акындын сөзүндөгү жаздагы жакшы маанайды, жарашыктуу ак кайыңдын сулуугун, жаштыктын образдуу драматургиясын ачып берет. Өзгөчө он алтылык ноталардын лига менен биригип берилиши обонду абдан коолдоп турат [16].

А. Осмоновдун «***Келсем жоксуң***» ырына Жайлообек Жалгасынов обон жараткан. Өкүнүчтүү, обонду эч жерден таба албадым жана уккан да эмес экем, бирок акындын ыр саптарында берилген маани-мазмун бул обондун лирикалык, терең драматургиялык мүнөздөгү обон экенин кабар берип турат [17].

Обончу, аткаруучу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Сыймык Бейшекеев да акындын ыр саптарын колдонуу менен «***Отуз жаш***» деген ырын обону менен жараткан. “Алыкулдун ак боз атчан курагы” же «Кайдан келдиң, боз ат минген отуз жаш» саптары улуу акындын алты сап менен түзүлүп, тогуз куплеттен турган окурмандардын жүрөгүнөн орун алган философилык терең маанидеги ыр саптарын эске салып турат.

«Ырас өмүр, кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас,
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын ошол тездигине катат баш.
Кечээ эле тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?» 8/XII 1944. Койсары [5, 48-б.].

*Жыйынтыктап айтканда*, акын А. Осмонов кыргыз элинин сүйүктүү акыны бойдон, кыргыз элине калтырган эмгектери дагы да кылымдарды карытып жашай берет. Демек, акындын ыр саптары музыка кайрыктарында дагы жаңырып, анын чыгармаларындагы баалуулуктар, өзгөчөлүктөр кенен ачылып, жаш муундардын адеп-ахлактык, көркөм-эстетикалык табиттерин өстүрүүгө өз салымын кошуп, мекендин ар намыстуу атуулу болууга, ага жан-дили менен кызмат кылууга, боорукерликке,чечкиндүүлүккө, акындай Ата-Журтту, эмгекти сүйүүгө, сүйүүнү, жашоону,

жаштыкты, табиятты, музыканы, өмүрдү, адамды баалоо жол ачат.

А. Осмоновдун ырлары кыргыз эл акыны, Алыкул сыйлыгынын лауреаты Анатай Өмүркановдун [18].

«Алыкул кереметтей кубуласын,
Келечек добушундай угуласын.
Эшиктен кирип келип – Эх, иним – деп,
Ырымды оңдочудай туюласың» – деген ыр саптарында айтылгандай дагы да миң кубулуп, кыргыз эли барда кылымдарды карытып жашай берет.

**Адабияттар:**


1. «Музыка» https://mp3iq.net/m/322891-kyz-burak/63753996-muzyka/. https://www.youtube.com/watch?v=tYGrx21sbxM.
2. Ленинчил жаш газета, 1991-ж. (А. Машаевдин архивинен).
3. Муратова А.М., Артыков К.Ж. Музыка: 6-кл.: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: Билим-компьютер, 2018. 80 б.
4. Муратова А.М., Артыков К.Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби. – Б.: Билим-компьютер, 2018. 128б., илл.
5. Осмонов А. Көл толкуну. – Ф.: “Кыргызстан” басмасы, 1972.
6. Муратова А.М., Артыков К.Ж. Музыка: 5-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби. – Б.: Билим-компьютер, 2018. 128б., илл.
7. Кыргыз обондорунун антологиясы.Түзүүчү, баш сөзүн жазган Т. Чокиев. Бишкек, «Кербез» басма үйү. 2016, 290 бет.
8. Жусупов К. Ыр сабында өмүр: Акын А.Осмонов жөнүндө документалдык баян. Жаштар үчүн. – 2-бас. – Ф.: Мектеп, 1980. – 188 бет.
9. https://kyrgyz-audio.com/muzaman-tobu-ata-zhurt// https://www.youtube.com/watch?v=jNTYlGNq0FE
10. https://kyrgyz-audio.com/abidin-temirov-tabiyat-zhana-muzyka-teksti/. https://www.youtube.com/watch?v=obNesmo-H1I0
11. https://www.youtube.com/watch?v=kBF-P4x6Gi8. https://www.youtube.com/watch?v=3KC3JFlKhtE. https://www.youtube.com/watch?v=7rkvesE4sr8
12. https://www.youtube.com/watch?v=KVFxaZI1DTA, https://www.youtube.com/watch?v=4EkgE0nbhc4.
13. https://www.youtube.com/watch?v=uH7dDqG8IPM
14. https://www.super.kg/mediaportal/video/273
15. https://www.youtube.com/watch?v=c4T8dNGOHbs.
16. https://www.youtube.com/watch?v=y8etUwgKzbg.https://www.youtube.com/watch?v=WU9mCJ_a0Zs
17. https://ruslar.me/mobile/video/qEq565Vkcg8
18. Өмүрканов А. Жанкисе: Ырлар: жаштар үчүн. - Ф.: Адабият, 1991. – 176 б.
19. Ала-Тоо таңшыйт. Обондуу ырлар. Түзгөн Б. Алагушов. Б., 1995. - 448 б.
20. Мезгил жана Алыкул. Макалалар, каттар, эскерүүлөр. Түзгөн.П.Ш. Казыбаев. – Ф., 1989.
21. Джумаева Д.Т. Комментированное чтение поэмы А. Осмонова «Женишбек». Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 12. С. 183-184.